**Баалоо критерийлери** (*Эссенин мисалында*)

| *Баасы* | *1-критерий*<br>*Теманы ачып берүү* | *2-критерий*<br>*Структура* | *3-критерий*<br>*Тилди колдонуу* |
|---|---|---|---|
| **“2” деген баа** | *Теманын маңызын түшүнгөн эмес*<br>Автор баяндаган идеялар негизинен эссенин темасына тиешеси жок, эссе негизинен кайрадан түзүлгөн сүйлөмдөрдөн, кайталоолордон, даяр материалды баяндоодон турат. | *Аргументтердин ырааттуулугу байкалбайт*<br>Эссенин структурасы жокко эсе.<br>Автор идеяларды иреттүү же логикалык түрдө берген эмес. | *Эссенин тили түшүнүксүз (грамматикалык.сти листикалык, логикалык ырааттуулук бузулган)*<br><br>Эссенин тилин түшүнүү кыйын. Грамматикалык, орфографиялык жана стили стикалык каталар көп. Туура лексика сейрек кездешет. |
| **“3” деген баа** | *Эссе теманын маңызын толук ачкан эмес*<br><br>Автор баяндаган кээ бир идеялар эссенин тема сына эч кандай тиешеси жок. Идеялар жетиштүү даражада ачылган эмес жана мисалдар жок. | *Аргументтердин ырааттуулугу жакшы байкалбайт*<br><br>Эссенин структурасы жакшы байкалбайт. Айрым идеялар логикалык ыраатта берилген эмес. | *Эссенин баяндоо тили жарым-жартылай түшүнүктүү. бирок, Кээ бир жерлерде грамматикалык, стилистикалык, логикалык ырааттуулук бузулган*<br><br>Грамматикалык, орфогра фиялык жана стилисти калык каталар бар. Лексика примитивдүү (абдан жөнөкөй) жана бир түрдүү |
| **“4” деген баа** | *Эссе теманын маңызын ачып берет*<br><br>Автор баяндаган идеялардын негизинен эссенин темасына тиешеси бар. Идеялар жетиштүү даражада ачылган жана тиешелүү бир нече мисал келтирилген. | *Аргументтердин ырааттуулугу негизи нен байкалат*<br><br>Эссенин структурасын кабыл алса болот, анда киришүү, аргументтерди баяндоо жана корутунду бар. Идеялар негизинен иреттүү жана логика лык ыраатта берилген. Тастыктоочу мисалдар туура тандалган. | *Эссенин баяндоо тили не-гизинен түшүнүктүү жана ойлонулган*<br><br>Грамматикалык жана башка олуттуу каталар аз. Лексика жана стилди тандоодо анча маанилүү эмес каталар бар. Баяндоо стилинде негизи нен олуттуу катачылыктар жок. |
| **“5” деген баа** | *Эссе теманын маңызын толук ачып берет*<br><br>Автор баяндаган идеялардын баары эссенин темасына тиешеси бар, зарыл болгон жерлерде автор өз оюн баянда ган. Тема толук ачылган жана керектүү мисалдар келтирилген. | *Аргументтердин ырааттуулугу жакшы байкалат*<br><br>Эссенин так жана логи калык ырааттагы струк турасы бар.<br>Тастыктоочу мисалдар эссенин жалпы баяндоосуна ийги-ликтүү камтылган. | *Эссенин баяндоо тили бай жана так*<br><br>Баяндоонун тили так жана бай. Грамматикалык жана башка олуттуу катар жок Ар түрдүү лексиканы жана Стилди тандоо абдан ийгиликтүү. |